**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**«НУР» ЖАЛАЛ-АБАД КОЛЛЕДЖИ**

**БЕКИТИЛДИ**

«Нур» Жалал-Абад колледжинин

педагогикалык кеңеши, прот. №_51_

«_23_»_январь_ 2021-жыл

______________

"Нур" Жалал-Абад колледжинин 2020-2021- окуу жылында жалпы бүтүрүүчү курстары үчүн Кыргыз тили жана адабияты, Кыргызстандын тарыхы, Экологиянын негиздери жана Кыргызстандын географиясы предметтери боюнча аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун

# Программасы

**Программаны даярдаган:**

Кыргыз тили жана адабияты окутуучусу: ______________ Токтоназарова Х.

Тарых предметинин окутуучусу: ______________ Ныязбек уулу И.

Экологиянын негиздери жана Кыргызстандын географиясы предметтеринин окутуучусу: ______________ Абдисалам к Нурзат

"Нур" ЖАКтын адистик программаларынын отурумдарында каралып, колдонууга сунушталды: Протокол №_9_ "_16_" _01_ 2021-жыл.

Директордун окуу и.б.о.б. ______________ Божиева Э.Э.

**ЖАЛАЛ-АБАД – 2021**

## Киришүү

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамынын, КРнын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы №470"Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу актыларды бекитүү жөнүндө" токтомунун, КРнын ББжИМнин 2019-жылдын 17-сентябрындагы 1107/1 буйругунун, "Нур" Жалал-колледжинин **(мындан ары – "Нур" ЖАК)** бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобосунун негизинде, бүтүрүүчү курстардын бүтүрүүчүлөрүнө жыйынтыктоочу мамлекеттик аттсетациялоо милдеттүү болуп эсептелинет жана мамлекеттик аттестациялык комиссия тарабынан жүргүзүлөт.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун **(мындан ары – ЖМА)** максаты: "Нур" ЖАКтын бүтүрүүчүлөрүнө мамлекеттик үлгүдөгү диплом берүү үчүн, алардын өз кесиптик милдеттерин аткарууга болгон жөндөмдөрүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына шайкештигин аныктоо.

Мамлекеттик билим берүүнүн стандартынын **(мындан ары –МББС)** талаптарына ылайык, ЖМАга "Нур" ЖАКтын бүтүрүүчү курстары үчүн негизги кесиптик билим берүү программасында **(мындан ары – НКББП)** каралган окуу курсун толук көлөмдө окуп бүткөн студенттер киргизилет.

2020-2021-окуу жылында "Нур" ЖАКтын жалпы бүтүрүүчүлөрүнө төмөнкү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялык сыноолор каралган:

1. Кыргыз тили жана адабияты, Кыргызстандын тарыхы, Экологиянын негиздери жана Кыргызстандын географиясы предметтери аралык;
2. Жалпы кесиптик дисциплиналар аралык;
3. Атайын адистик дисциплиналар аралык.

## 1. Мамлекеттик сынактардын жүрүшү

Мамлекеттик сынактар башталаарга эки жума калганда, ар бир сынак боюнча бүтүрүүчүлөргө экиден кем эмес консультациялар өткөрүлөт (атайын жадыбалга ылайык).

Сынак мамлекеттик аттестациялык комиссиянын мүчөлөрүнүн үчтөн эки бөлүгүнөн кем эмеси катышуусу менен өткөрүлөт.

Мамлекеттик сынакка бүтүрүүчүдөн өз убагында катышуусу талап кылынат.

Мамлекеттик сынак бүтүрүүчүлөргө карата иштелип чыгылган атайын көрсөтмөгө ылайык жүргүзүлөт (Тиркеме 1).

Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын чечимдери жабык отурумда, комиссиянын мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Эгер добуштар тең болуп калса, анда комиссия төрагасынын добушуу чечүүчү болуп эсептелинет.

Бүтүрүүчү студент бардык жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактарды ийгиликтүү тапшырса, ага мамлекеттик үлгүдөгү кесиптик орто билим алгандыгы жөнүндөгү диплом тапшырылат.

Эгерде студент окуу планында каралган дисциплиналардын 75%дан кем эмесинен "эң жакшы" деген баа алган, башка сабактардан "жакшы" деген баа алган жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан "эң жакшы" деген баа менен өткөн болсо, ага артыкчылык дипломy берилет.

Эгерде студент жыйынтыктоочу мамлекеттик сынакты өз убагында тапшыра албаса, ал окуу жайдан четтетилет жана ага Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги белгилеген үлгүдөгү академиялык маалымкат берилет.Жыйынтыктоочу аттестациялык сынактарды тапшыра албаган бүтүрүүчүлөр кайра тапшырууга бир жылдан соң гана уруксат.

Эгер студент жыйынтыктоочу аттестациялык сынактарга себептүү (ооругандыгы, үй-бүлөлүк, кырсык ж.у.с.) катыша албаса жана ал себебинин документалдуу далили

болсо, анда ал жыйынтыктоочу аттестациялык сынактарды окуудан четтетүүсүз тапшыруу укугуна ээ болот. Мындай учурларда окуу жайда мамлекеттик аттестациялык комиссиянын кошумча отуруму дайындалат.

## 2. Бүтүрүүчүлөрдүн даярдык деңгээлин жана сапатын баалоонун критерийлери

Сынакты тапшыруу жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялык комиссиянын (ЖМА) ачык отурумунда, комиссиянын мүчөлөрүнүн үчтөн эки бөлүгүнөн кем эмес катышуусу менен өткөрүлөт.

ЖМАнын мүчөлөрү сынак тапшыруучунун жоопторун бөлбөй, багыт көрсөтүүчү суроолорду бербей угат. Эгерде сынак тапшыруучунун билеттеги суроолорго жооп берүүсү толук болбосо же мааниси аныкталбаса, ага ЖМАнын мүчөлөрү кошумча суроо беришет.

Бүтүрүүчүлөрдүн даярдык деңгээлин жана сапатын баалоонун критерийлери:

- Жалпы бүтүрүүчү курстары окуу программаларында жана комплексттик мамлекеттик жыйынтыктоочу сынакта каралган материалдарды билүү деңгээли;
- бүтүрүүчүнүн сынакта көрсөтө алган практикалык билим деңгээли;
- бүтүрүүчүнүн жоопторунун кыскалыгы, дааналыгы жана далилдүүлүгү.

**“5” (эң жакшы)**деген баа коюлат, эгерде:

- бүтүрүүчү билеттин суроолоруна ирееттүү, түшүнүктүү жооп берсе;
- окуу программасындагы материалдарды билгендигин жана түшүнгөндүгүн, МАК-тын мүчөлөрүнүн тастыктоочу жана кошумча суроолоруна канааттандырарлык жооп узатса;
- өз жоопторун практикадан мисалдар менен бекемдеп, керектүү болгон жыйынтык жана тыянак чыгара алса;
- алган билимдерин практика жүзүндө колдоно аларлыгын көрсөтө алса.

**“4” (жакшы)** деген баа коюлат, эгерде:

- бүтүрүүчү “5” деген баага коюлган талаптарга жооп берсе, бирок жооп берүүдө анчалык мааниге ээ эмес катачылыктарды кетирсе;
- анчалык мааниге ээ эмес толук эмес жооп узатса.

**“3” (канааттандырарлык)** деген баа коюлат, эгерде:

- бүтүрүүчү окуу программалардын негизги материалдарын билет, бирок кээ бир суроолорго жооп бере албаса;
- материалды атайын адистик терминдерди колдонбой, жөнөкөйлөштүрүп (кара тил менен) айтып берсе;
- материалдарды айтууда анча орчундуу эмес ката кетирсе.

**“2” (канааттандырарлык эмес)** деген баа коюлат, эгерде:

- бүтүрүүчү окуу материалдардын көпчүлүк суроолорун начар билсе;
- материалдарды системасыз, түшүнүксүз айтса;
- алган билимдерин практикада колдоно алат, бирок орчундуу катачылыктарды кетирсе.

## 3. Кыргыз тили жана адабияты, Кыргызстандын тарыхы, Экологиянын негиздери жана Кыргызстандын географиясы предметтери аралык ЖМА жөнүндө маалымат

Жалпы бүтүрүүчү курстары үчүн багытталган ушул мамлекеттик сынактын программасы студенттерге Кыргыз тили жана адабияты, Кыргызстандын тарыхы, Экологиянын негиздери жана Кыргызстандын географиясы дисциплиналары боюнча мамлекеттик сынакты тапшырууга усулдук жардам берүүгө багытталган.

Ушул ЖМАнын программасы 2020-2021-окуу жылында “Нур” ЖАКтын 050709 Башталгыч класстарда окутуу адистигинин сырттан окуу бөлүмүнүн бүтүрүүчүлөрүнө карата түзүлдү.

КРнын ББжИМнин 13.01.2021-жылдагы №19/1 буйругунун негизинде, 2020-2021-окуу жылынын бүтүрүүчүлөрүнө Кыргыз тили жана адабияты, Кыргызстандын тарыхы, Экологиянын негиздери жана Кыргызстандын географиясы предметтери аралык ЖМА аралыктан билим беруу технологияларын колдонуу менен алыстан окутуу режиминде өткөрүлөт.

ЖМАны өткөрүү боюнча студенттерге атайын көрсөтмө иштелип чыгылды, ал көрсөтмө тиркеме катары ушул программада берилет (тиркеме 1).

**4. ЖМАнын суроолору**

Суроолор сынакка кирген дисциплиналардын санына жараша төрт блоктон түзүлдү:

1. Кыргыз тили жана адабияты дисциплинасынан – 30 суроо;
2. Кыргызстандын тарыхы дисциплинасынан – 45 суроо;
3. Экологиянын негиздери дисциплинасынан – 10 суроо;
4. Кыргызстандын географиясы дисциплинасынан – 20 суроо.

**Окутуунун натыйжалары**

| ОН | Окутуунун натыйжалары |
|---|---|
| ОН1 | **Билет:**терминдерди,мыйзамченемдиктерди, талаптарды, фактыларды, усулдарды, процедураларды, түшүнүктөрдү, эрежелерди; кубулуштардын келип чыгуу себептерин; окшоштуктарды табууну; берилген маалыматтарды өзгөртүп көрсөтүүнү(тил, формула алгоритм ж.б.у.с); кубулуштарды документтештирүүнү; таблицаларды, схемаларды жана инфографикаларды түзүүнү; жыйынтыктарды божомолдоону; өзүн-өзү уюштуруучулук. ***Текшерүү:*** *туура жоопту тандоо тесттери; окшоштуктарды жана айырмачылыктарды табуу тесттери; кыскача эркин жоопторду талап кылган тесттер; сынактык суроолор жана маселелер.* |
| ОН2 | **Аткарат:** теориялык билимдерин өз алдынча практикада ишке ашырышат; анализдейт жана синтездейт; конкреттештирет жана жалпыландырат; план менен фактты, ар башка мезгилдерге маалыматтарды салыштырат; абстракциялуу ой жүгүртөт; пландарды(календардык, стратегиялык, бизнестик, маркетингдик, өндүрүштүк ж.у.с.) түзөт; ***Текшерүү:*** *эссе; сөздүк жана математикалык далилдемелер; көзөмөлдүк иштер; рефераттар; презентациялар.* |
| ОН3 | **Изденет:** билимди(ишмердүүлүктү) өнүктүрөт; жаңы билимди пайда кылат; ишмердүүлүктөрдү уюштурат; ***Текшерүү:*** *проекттик, изилдөнүүчүлүк иштер; чыгармачылык, ачылыштык.* |

**Эскертүү:**
ОН 1 аткарылса, ал “3” (канааттандырарлык) деген баага барабар,
ОН 2 – “4” (жакшы) деген баага барабар,
ОН 3 – “5” (эн жакшы) деген баага барабар.

**Кыргыз тили дисциплинасынан суроолор блогу:**

| № | Суроолордун тизмеги жана суроолордун мазмуну | ОН |
|---|---|---|
| 1 | **Кыргыз тилинин грамматикасынын фонетика бөлүмү.**<br>*Фонетикасозунунчечмелениши.Кыргызалфавитиндегитамгалар. Тамга менен тыбыштынайырмасы.* | ОН2 |
| 2 | **Тамга жана алардынаталыш түрлөрү.**<br>*Фонемасөзүнө аныктама; Үндүүлөрдүн, тыбыштардын бөлүнүшү;Үндүү тамгалар* | ОН3 |
| 3 | **Үнсүздөр**<br>*Үнсүз тамгалар*<br>*Үнсүз тыбыштар*<br>*Үнсүз тыбыштардын бөлүнүшү* | ОН1 |
| 4 | **Йоттошкон тамгалар**<br>*Тыбышсыз тамгалар*<br>*Тыбышсыз тамгалардын аткарган кызматы*<br>*Йоттошкон тыбыштардын туура жазылышы* | ОН1 |
| 5 | **Сүйлөө органдарынын кызматы**<br>*Тилдин, жаактын, эриндин, үндүн катышына карата бөлүнгөн тыбыштар*<br>*Үнсүз тыбыштардын жасалуу ордуна карай бөлүнүшү*<br>*Үнсүз тыбыштардын жасалуу ыгына карай бөлүнүшү* | ОН3 |
| 6 | **Үндүүлөрдүн үндөштүк закону.**<br>*Толук сингормонизм*<br>*Толук эмес сингормонизм*<br>*Дисгормонизм* | ОН3 |
| 7 | **Муун жана анын табияты**<br>*Муундун түрлөрү*<br>*Ачык муун, жабык муун, туюк муун.* | ОН1 |
| 8 | **Кыргыз тилинин лексикасы**<br>*Лексика сөзүнүн мааниси жана жалпы маалымат*<br>*Синоним. омоним, онтоним создор* | ОН3 |
| 9 | **Морфология бөлүмү.**<br>*Сөздүн курамы*<br>*Мүчөлөрдүн маанисине карай бөлүнүшү*<br>*Сөз жасоо* | ОН2 |
| 10 | **Сөз түркүмдөрү жана анын бөлүнүшү**<br>*Маани берүүчү сөз түркүмдөрү*<br>*Кызматчы сөз түркүмдөрү*<br>*Өзгөчө сөз түркүмдөрү* | ОН1 |
| 11 | **Синтаксис бөлүмү**<br>*Сөз айкашы жана анын түрлөрү*<br>*Сүйлөм жана анын белгилери*<br>*Сүйлөм мүчөлөрү* | ОН3 |
| 12 | **Пунктуация**<br>*Тыныш белгилердин түрлөрү*<br>*Тыныш белгилердин аткарган кызматы* | ОН1 |
| 13 | **Кыргыз адабий тили - Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили.**<br>*Кыргыз тилинин Түрк тилдеринин ичинен алган орду*<br>*Тектеш тилдеринин изилдениши*<br>*Кыргыз тилине алгачкы чыйыр салуучулар* | ОН2 |
| 14 | **Лексикалогия.**<br>*Неологизмдер*<br>*Эскирген сөздөр*<br>*Тарыхый сөздөр жана архаизмдер* | ОН1ор |
| 15 | **Кептин стилдери.**<br>*Стил жана стилистика*<br>*Стилдин түрлөрү* | ОН2 |

| | | |
|---|---|---|
| 16 | **Кептин түрлөрү**<br>*Ой жүгүртүү, баяндоо, сүрөттөө ( ар бир түрүнө сүйлөм түз)* | ОН1 |
| 17 | **Иштиктүү стили**<br>*Расмий иш кагаздар*<br>*Расмий эмес иш кагаздар* | ОН1 |
| 18 | **Орфография жана орфоэпия.**<br>*Оргфографиялык принциптер жана анын эрежелери*<br>*Орфоэпия жана анын негизги эрежелери* | ОН3 |
| 19 | **Фразеологизмдер**<br>*Фразеологизмдерди кепте орундуу колдонуу*<br>*Фразеологизмдердин макал -ылакаптар менен карым катышы* | ОН3 |
| 20 | **Кыргыз эли колдонгон жазуулар.**<br>*Орхон - Енисей жазуулары*<br>*Арап , латын, орус алфавиттери*<br>*Жазуулардын түрлөрү* | ОН1 |
| 21 | **Ч. Айтматов - дүйнөлүк адабияттын көрүнүктүү жазуучусу.**<br>*Ч. Айтматов тууралуу белгилүү адамдардын айткандары*<br>*Ч. Айтматов "Ак кеме" повестиндеги жаратылыш темасынын берилиши.* | ОН2 |
| 22 | **Алыкул Осмонов.**<br>*А. Осмоновдун лирикалары жана патриоттук ырлары*<br>*А. Осмоновдун котормочулук өнөрү* | ОН1 |
| 23 | **"Манас" - кыргыз рухунун туу чокусу.**<br>*Улуу эпостун жаралыш тарыхы*<br>*"Манас" эпосун эл оозунан жыйноо тарыхы* | ОН2 |
| 24 | **Түгөлбай Сыдыкбеков.**<br>*Жазуучунун өмүр жолу*<br>*"Тоо арасында" романы (романдагы каармандар)* | ОН2 |
| 25 | **Төлөгөн Касымбеков.**<br>*Т. Касымбековдун өмүрү чыгармачылыгы*<br>*"Сынган кылыч" тарыхый романы* | ОН3 |
| 26 | **Аалы Токомбаев.**<br>*А. Токомбаевдин кыргыз адабиятына кошкон жигердүү эмгеги*<br>*А. Токомбаевдин чыгармалары.* | ОН2 |
| 27 | **Касым Тыныстанов -кызыл профессор**<br>*К. Тыныстановдун өмүрү, чыгармачылыгы*<br>*К. Тыныстанов илимде, адабияттагы орду* | ОН3 |
| 28 | **Кыргыз адабиятында салмактуу из калтырган XIX -XX-кылымдагы акын-жазуучулары.**<br>*Төкмө акындар*<br>*Жазгыч акындар* | ОН2 |
| 29 | **Дидактикалык чыгармалар.**<br>*Дидактика жөнүндө жалпы маалымат*<br>*Фольклор түшүнүгү* | ОН2 |
| 30 | **1960-1990- жылдардагы кыргыз адабияты**<br>*Кыргыз адабиятынын өнүгүү мезгилдери*<br>*Акын - жазуучулардын жемиштүү эмгектери* | ОН3 |

**Колдонулган адабияттар:**


1. Ибрагимов.С. “Тил илиминин негиздери”
2. Карасаев.Х.К. “Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү”
3. Ашырбаев.Т. “Орфографиялык эрежелер” Туура жазуу жана адабий окуу боюнча практикалык колдонмо. 4.
4. Ашибаев. Т, Акматов.Т. “Иш кагаздары: Маалекеттик тилде иш жүргүзүү

**Кыргызстандын тарыхы дисциплинасынан суроолорблогу:**

| № | Суроолордун тизмеги жана суроолордун мазмуну | ОН |
|---|---|---|
| 1 | **Кыргызстандагы таш жана коло доору.** *Таш доорлорунун бөлүнүшү: Палеолит, мезолит, неолит, энеолит. Турмуш – тиричилигинде колдонгон буюмдары. Неолит революциясы болушу.* | ОН1 |
| 2 | **Байыркы кыргыздар жана алардын Хунндардын империясына кириши.** *Кыргыздар жөнүндө элдик уламыштар. Кыргыздардын байыркы ата-журту. Модэ Шанүй, Ли Лин* | ОН3 |
| 3 | **Даван мамлекети.** *Тарых булактарында Даван мамлекети, коомдук социалдык абалы, чарбасы. Аксакалдар кеңешинин орду. Хан империясына каршы күрөшү.* | ОН3 |
| 4 | **Сактар дүйнөлүк тарыхта.** *Сак жоокерлери. Томирис. Тиграхауда сактары. Хаумаварга сактары. Сакати-ай-тара дарая сактары.* | ОН1 |
| 5 | **Кыргыздардын Борбордук Азиядагы үстөмдүк үчүн күрөшү.Барсбек каган.** *Чыгыш түрк кагандыгы менен болгон согуш. Эрен – улук. Сунгадагы салгылашуу. Кыргыздардын жеңилип калуусунун себептери.* | ОН3 |
| 6 | **Түрк кагандыгы.** *Ашина уруусу. Түрктөрдүн келип чыгышы жөнүндө уламыштар. Бумын каган.* | ОН3 |
| 7 | **Түргөш кагандыгы (704-766-жж).** *Үч Элиг каган. Сары жана кара түргөштөрдүн кагылышы.* | ОН3 |
| 8 | **Карахандар мамлекети (X-XII).** *Сатук Буура карахан. Негизделиши, маданияты, саясаты, башкаруу системасы.* | ОН1 |
| 9 | **Улуу Кыргыз дөөлөтү.** *Уйгур кагандыгынын талкаланышы. Алп Сол, чек арасы, коомдук саясий түзүлүшү.* | ОН2 |
| 10 | **Энесай кыргыздарынын саясий –экономикалык турмушу.** *Энесай кыргыздарынын чарбасы, Орхон –Энесай жазуулары. Салт, санаасы, элдик календары.* | ОН3 |
| 11 | **Кыргызстан Монгол империясынын тушунда**. *Чыңгыз хан. Монголдор кыргыздарга жасаган мамилеси.* | ОН3 |
| 12 | **Моголстан мамлекети.** *Амир Темир. Кыргыз жоокерлери. Баймурат Черик.* | ОН3 |
| 13 | **Кыргыз этнониминин чечмелениши. Этнос түшүнүгү,** *кыргыз элинин теги, окумуштуулардын изилдөөлөрү.* | ОН3 |
| 14 | **Кыргыздардын Жунгар хандыгынына каршы күрөштө (XVIIк. ор- XVIII к. ортосу).** *Жунгар кагандыгынын түзүлүшү. Калмактарга каршы күрөш, кыргыз казакка жасаган мамилеси.* | ОН2 |
| 15 | **Кокон хандыгы.** *Хандыктын башкаруучулары, административдик башкаруусу, салык саясаты, чек арасы.* | ОН1 |
| 16 | **Орусия менен биринчи кыргыз элчилик байланыштары (XVIIIк. аягы- XIXк. башы)** *Атаке бий, түндүк кыргызстандагы 1840-1850-жж. Саясий кырдаал жана Ысык-көлдүк кыргыздар. Чүйлүк жана Таластык кыргыздардын Россиянын бийлигин таанышы.* | ОН3 |
| 17 | **Кыргызстанда Совет бийлигинин орношу.** *1917-жылдагы революциянын таасири. Большевиктер партиясынын бийликке келүүсү. Тынчтык жөнүндөгү декрет. Жер-суу реформалары.* | ОН3 |
| 18 | **Кыргызстандагы жарандык согуш.** *Себептери жана социалдык-саясий жыйынтыктары.(1918-1920-жж). 1918-1920-жж аралыгы. Кызыл гвардиянын түзүлүшү. Басмачыларга каршы күрөшү.* | ОН3 |
| 19 | **Колхоздоштуруу жана көчмөндөрдү отурукташтыруу.** *Жаңы совет мамлекети түзүлгөндөн кийин жер мамлекетке караштуу мүлккө айланган. Көчмөндөрдү отурукташтыруу жана кайракы жерлерге суу жеткирүү. Феодалдык-помещиктик чарбалар, патриархалдык-феодалдык мамилелер.* | ОН3 |

| | | |
|---|---|---|
| 20 | **1922-ж. Тоолуу автономдуу областын түзүү боюнча аракеттери.** *Абдыкадыр Орозбеков.* | ОН1 |
| 21 | **Орто Азия улуттук-мамлекеттер болуп жиктелип бөлүнүүсү (1924-ж.).** *Кара кыргыз автономдуу облусунун түзүлүшү. Ж.Абдырахманов, Отузчулардын каты.* | ОН2 |
| 22 | **30-жж. Саясий репрессиялар жана алардын саясий-укуктук натыйжалары.** *Массалык жазалоолор. А.Сыдыков, К.Тыныстанов, Т.Айтматов.* | ОН2 |
| 23 | **Улуу Ата Мекендик согуштагы Кыргызстандык жоокерлердин эрдиктери.** *Кыргызстандык жоокерлердин 1942-1945жж. Салгылаштарга катышышы. Ч. Тулобердиев, Д.Асанов, И.Таранчиев.* | ОН1 |
| 24 | **Кыргызстандыктардын фронтко жалпы элдик жардамы.** *Айыл чарбасынын фронт үчүн кызматы. К.Шопокова, З.Кайназарова, О.Атабекованын жетишкендиктери.* | ОН1 |
| 25 | **Кыргызстандын кайра куруу мезгилиндеги социалдык-экономикалык өнүгүүсү.** *Кайра куруу саясатынын таасири. Өлкөнүн саясий турмушундагы өзгөрүүлөрү жана реформалары.* | ОН3 |
| 26 | **Суверендүү Кыргыз Республикасы болуп жарыяланышы.** *Президенти шайлоо. Мамлекеттик эгемендүүлүк жөнүндөгү декларация. КМШнын түзүлүшү.* | ОН1 |
| 27 | **Социалдык мамилелердин курчушу.Ош окуясы.(1990-ж).** *Аракечтик жана масчылыктын кесепеттери, кылмыштуулуктун өсүшү, улут аралык кагылышуу.* | ОН2 |
| 28 | **Чет өлкөдөгү кыргыздар.** *Памир кыргыздары. Кытайлык, энесайлык, Вандык кыргыздар.* | ОН1 |
| 29 | **Республикадагы Саясий партиялар жана коомдук кыймылдар.** *Саясий партиялар жана уюмдар. "Алга Кыргызстан", "Ак жол", "КСДП" ж.б.* | ОН1 |
| 30 | **Кыргыз мамлекетинин улуттар аралык жана диний агымдар аралык тармакта саясаты.** *Эл аралык терроризмдин таасири.* | ОН1 |
| 31 | **Жусуп Баласагун** | ОН1 |
| 32 | **Курманжан датка** | ОН1 |
| 33 | **Жусуп Абдырахманов** | ОН2 |
| 34 | **Белек Солтоноев** | ОН3 |
| 35 | **Турдакун Усубалиев** | ОН2 |
| 36 | **Ормон хан** | ОН3 |
| 37 | **Абдыкерим Сыдыков** | ОН2 |
| 38 | **Исхак Раззаков** | ОН1 |
| 39 | **Чыңгыз хан** | ОН1 |
| 40 | **Полот хан** | ОН2 |
| 41 | **Мухаммед Кыргыз** | ОН2 |
| 42 | **Байтик баатыр** | ОН3 |
| 43 | **Тайлак баатыр** | ОН2 |
| 44 | **Абсамат Масалиев** | ОН2 |
| 45 | **Алымбек датка** | ОН1 |

**Колдонулган адабияттар:**

1.БактыгуловДж.С., Момбекова Ж.К. История кыргызов и Кыргызстана с древнейших времен до наших дней.-Б.,1999.
2.Наш Кыргызстан: Популярная историческая энциклопедия (с древности до конца XIX в.). автор: акад. В.М. Плоских. –Б., 2004.
3.Асанканов А. А. История Кыргызстана (С древнейших времен до наших дней) Б., 2009
4.Осмонов О.Ж., Асанканов А.А. Кыргызстан тарыхы ( Эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин) Б.-2001.
5.Аман Газиев. На берегахЯксарта:Ист. Повесть . Рассказы.-Ф.,1990.
6.Аристов.Н.А. Усуни и кыргызы или кара кыргызы.-Б., 2001.
7.Аттокуров С. Кыргыз санжырасы.-Б.,1995.
8.Бартольд В.В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана.-Б.,1996.
9.БернштамА.Н.Избранные труды по археологи и истории кыргызов и Кыргызстана.-Б., Т.2.1998.

**Экология дисциплинасынын суроолорунун блогу**

| № | Суроолордун аталышы | ОН |
|---|---|---|
| 1 | **Экология илиминин тарыхы.** *Экология илиминин максаты,экология илиминин таарыхы, экология предметинин башка предметтер менен байланышы.* | **ОН1** |
| 2 | **Экологиялык факторлор тууралу жалпы маалыматтар.** *Абиотикалык факторлордун максаты, биотикалык факторлордун милдети, Чектөөчү факторлор милдети.* | **ОН2** |
| 3 | **Популяция.** *Популяция жөнүндө түшүнүк, популяциянын максаты, Популяциянын негизги мүнөздөмөлөрү.* | **ОН3** |
| 4 | **Биосфера** *Биосфера жөнүндөгү түшүнүктү жана анын азыркы убакта кандай шартта тургандыгы жөнүндө маалыматын кеңейтүү. Биосфера түшүнүгү, биосферанын составына кирүүчү заттар.* | **ОН2** |
| 5 | **Биоценоздун экологиясы** *Биоценоз жөнүндө түшүнүк, биоценоздун структурасын максаты. Биоценоздогу түрлөр аралык биотикалык катнаштарынын максаты. Биоценоздук түрлөр аралык катнаштары жөнүндө маалымат алуу.* | **ОН1** |
| 6 | **Экосистема анын түзүлүшү жана энергиясы.** *Экосистема түшүнүгү,экосистемадагы заттардын жана энергиянын максаты.* | **ОН3** |
| 7 | **Экология, экономика жана саясат.** *Экологияга экономиканын тийгизген таасири,экология менен экономиканын байланышы, эконмика саясаты.* | **ОН2** |
| 8 | **Глобалдуу көйгөйлөр.** *Атмосферадагы глобалдуу көйгөйлөрдүн максаты, озон катмары. Глобалдуу көйгөйлөр боюнча негизги түшүнүктөр. Азыркы биосферанын негизги көйгөйлөрү.* | **ОН1** |
| 9 | **Туруктуу жана туруксуз биоценоз.** *Туруктуу биоценоздун максаты, туруксуз биоценоздун милдети. Биоценоздун туруктуулугу зат айлануу жана анан милети.* | **ОН3** |
| 10 | **Организм жашаган чөйрө жана шарттар** *Тирүү организм жашаган чөйролордүсү, организмдер жашаган чөйролордун айырмачылыктары,тирүү организимдер.* | **ОН1** |

**Колдонулган адабияттар:**


1. Б.Кулназаров. Жалпы экология» Бишкек 1999
2. Б. Мансурова «Кыргызстандынэкологиясы» Бишкек 2001
3. Ю. Н Ердинский "Экология охрана окружающей среды" 2005г
4. С. Разанов "Общая экология"
5. Т.Н. Голубаев. "Геоэкология" Москва 2006

**“Кыргызстандын географиясы” дисциплинасынан суроолор блогу**

| № | Суроолор тизмеги жана мазмуну | ОН |
|---|---|---|
| 1 | **Кыргызстандын географиялык абалы**<br>*Кыргызстандын дүйнө жүзүндө алган орду,кыргызстандын чек аралары,* | ОН 1 |
| 2 | **Кыргызстандын рельефи,геологиялык түзүлүшү жана кен байлыктары.**<br>*Кыргыз Республикасынын аймагынын жалпы орографиялык схемасы, геологиялык өнүгүү тарыхы, рельефинин калыптанышы жана технологиясы, байыркы муз каптоолор, рельфтин жалпы мүнөздөрү, кен байлыктары.* | ОН 2 |
| 3 | **Кыргызстандын климаты**<br>*Климатты калыптандыруучу негизги факторлор, климат түзүүчү элемент-тердин өзгөчөлүктөрү, климаттын бийиктик алкактары жана региондор боюнча өзгөчөлүктөрү.* | ОН 2 |
| 4 | **Кыргызстандын мөңгүлөрү жана көп жылдык тоңдор.**<br>*Мөңгүлөрдүн таралышы, мөңгүлөрдүн таралышындагы жалпы закон ченем-дүүлүктөр,кар көчкүлөр,көп жылдык тоңдор,мөңгүлөрдүн жаратылыш-тагы жана эл чарбасындагы мааниси.* | ОН 3 |
| 5 | **Кыргызстандын суулары.**<br>*Дарыялар (агын суулары), сел агымдары, көлдөр жана суу сактагычтар, жер алдындагы суулар, жер көчкүлөр, агын сууларды, көлдөрдү жана жер алдындагы сууларды булгануудан сактоо жана сарамжалдуу пайдалануу.* | ОН 3 |
| 6 | **Кыргызстандын топурагы.**<br>*Топурак түзүүчү негизги факторлор, тоо топурактарынын өзгөчөлүктөрү.* | ОН 3 |
| 7 | **Кыргызстанда байырлаган жаныбарлар.**<br>*Жаныбарлардын ар түрдүүлүгү жана бийиктик алкактуулук боюнча таралышы. Сейрек учуроочу жана жоголуп бара жаткан жаныбарлар.* | ОН 3 |
| 8 | **Кыргызстандын ландшафттары.**<br>*Ландшафттарды түзүүчү факторлор жана ландшафттардын структурасы. Маданий ландшафттары* | ОН 1 |
| 9 | **Кыргызстанды физикалык-географиялык райондоштуруу**<br>*Кыргызстандын аймагын райондоштуруунун принциптери.*<br>*Түндүк Тянь-Шань, Ысык-Көл ойдуңу, Борбордук Тянь-Шань, Ички Тянь-Шань, Түштүк-Батыш Тянь-Шань, Алай-Түркстан, Алай өрөөнү* | ОН 4 |
| 10 | **Кыргызстандын жаратылышын коргоо жана коруктары.**<br>*Корголуучу жана өзгөчө корголуучу жайлар, сейрек кездешүүчү жана жоголуп бара жаткан жаныбарлар.* | ОН 2 |
| 11 | **Кыргызстандын калкы жана алардын отурукташуусу, эмгек ресурстары**<br>*Калктын динамикалык өсүүсүнүн өзгөчөлүгү. Калктын табиягый өсүүсү.* | ОН 1 |
| 12 | **Кыргыз калкынын курактык жана жыныстык курамы**<br>*Калктын миграциясы* | ОН 1 |
| 13 | **Кыргызстандагы калктын отурукташуусу,шаары калкы**<br>*Айыл-кыштак калкынын географиясы. Калктын жыштыгы* | ОН 2 |
| 14 | **Кыгызстанда калктын социалдык жактан тейлөө чөйрөсү**<br>*Калктын социалдык абалы жана анын өнүгүү келечеги* | ОН 1 |
| 15 | **Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык бөлүнүшү**<br>*Мамлекеттик түзүлүшү* | ОН 2 |
| 16 | **Кыргызстандын чарбасынын жалпы мүнөздөмөсү**<br>*Өнөр жайы, Отун-энергетика өнөр жайы. Тоо-кен өнөр жайы* | ОН 1 |
| 17 | **Кыргыстандын айыл чарбасы**<br>*Дыйкан чарбасы, мал чарбасы* | ОН 2 |
| 18 | **Кыргызстандагы айыл чарба продукцияларын жана сырьелорун кайра иштетүүчү өнөр жайлары.** | ОН 1 |

| | | |
|---|---|---|
| | *Тамак-аш өнөр жайы, жеңил өнөр жайы* | |
| 19 | **Кыргыз мамлекетиндеги Рекреация чарбасы**<br>*Туризм жана анын өнүгүүсү,* | **ОН 3** |
| 20 | **Кыргызстандын Транспорт комплекси**<br>Темир жол транспорту, автомобиль транспорту, аба транспорту. | **ОН 1** |

**Колдонулган адабияттар:**


1. "Дүйнөнүн экономикалык жана социалдык географиясы" 10-класс Бишкек 2011
2. Ө. Бараталиев, Н.Алымкулова. "География" 9-класс.
3. А.О.Осмонов. "География"

**Тиркеме 1**

**“Нур” ЖАКтын 2020-2021-окуу жылынын бүтүрүүчүлөрүнө ЖМАны дистанттык формада (онлайн) өткөрүү жөнүндө атайын көрсөтмө**

***Урматтуу бүтүрүүчүлөр! Быйылкы жылы COVID-19 илдетине байланыштуу, Сиздерге жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо (ЖМА) дистанттык формада (онлайн) жүргүзүлөт. Ушул көрсөтмөдөн Сиздер ЖМАны өткөрүүнүн тартиптери менен толук тааныша аласыздар.***

1. ЖМА Ватсап (WhatsApp) мобилдик тиркемесинин видеобайланыш кызматы аркылуу жүргүзүлөт. *(Эскертүү: бүтүрүүчү өз телефонуна (же башка гаджетине) Ватсап тиркемесин алдын ала жүктөөсү зарыл).*
2. Бүтүрүүчүгө мамлекеттик сынактын датасы (ай, күн) сынактан эки жума мурда, ал эми сынактын башталыш сааты жана мөөнөтү сынактан бир күн мурда куратор тарабынан айтылат. Мамлекеттик сынакка бүтүрүүчүдөн өз убагында катышуусу талап кылынат.
3. Сынак күнү бүтүрүүчү башка нерселер тоскоол кылбай турган жабык, жарык болгон бөлмөдө отурат. Мамлекеттик сынакка бүтүрүүчү бир ручка, таза барак жана жөнөкөй калькулятор менен гана катышат.
4. Мамлекеттик сынакты баштоо убагы келгенде, мамлекеттик аттестациялык комиссиянын мүчөсү (МАКтын мүчөсү) бүтүрүүчүгө видеочалуу жасайт. Бүтүрүүчү **саламдашып, өзүн тааныштырат (ФАА, тайпасын айтат)** жана **сынакты тапшырууга даяр же даяр эмес** экендигин маалымдайт. Эгер даяр болсо, өзү тандоону каалаган сынактык билеттин номерин айтат (1ден 30га чейинки сан).

**<u>Мисалы:</u>** *Мен, Алиев Айбек Асанович, Фк 2-17 тайпасынын бүтүрүүчүсүмүн, мамлекеттик сынакты тапшырууга даярмын. Мен № 27-билетти тандаймын.*

5. МАКтын мүчөсү бүтүрүүчүгө сынактык билетти көрсөтүп, билеттеги суроолорду көчүрүп жазуу үчүн оозэки кайталап берет;
6. Билеттин суроолорун көчүрүп жазып алгандан кийин, бүтүрүүчү телефонун өзүнөн алыстатып, өзү толук көрүнө турган жерге жайгаштырат жана даярданууга киришет. Видеобайланыш үзгүлтүккө учурабастан, МАКтын мүчөлөрү бүтүрүүчүнү толук көрүп туруусу шарт;
7. Бүтүрүүчүгө тапшырмаларга даярданууга 30 мүнөт убакыт берилет. Ага чейин даяр болгондор, убакыттан мурда жооп бергени болот;
8. Ар бир бүтүрүүчүгө жооп бергени 4-5 мүнөт берилет. Ушул убакыттын ичинде бүтүрүүчү билетиндеги үч суроонун жоопторун МАКтын мүчөлөрүнө айтып берет.
9. Тайпанын акыркы бүтүрүүчүсү жооп берип бүткөндөн кийинки бир сааттын ичинде МАКтын мүчөлөрү бүтүрүүчүлөргө койгон бааларын Ватсап аркылуу жөнөтүшөт.

**ЖМАнын жүрүшү:**

Калган тартиптер студенттерге берилген **ЖМАнын программасына** ылайык жүргүзүлөт:

МАКтын мүчөлөрү сынак тапшырып жаткан бүтүрүүчүнүн жоопторун бөлбөй, багыт көрсөтүүчү суроолорду бербей угат. Эгерде сынак тапшыруучунун билеттеги суроолорго берген жооптору толук болбосо же мааниси аныкталбаса, анда бүтүрүүчү жооп берип бүткөндөн кийин МАКтын мүчөлөрү кошумча суроо беришет.

Эгерде мамлекеттик сынак учурунда сынактык билетти алган бүтүрүүчү китеп, усулдук көрсөтмө, конспект, шпаргалка, телефон, маалыматтарды өткөрүүп берүүчү техникалык каражаттарды пайдаланганы аракеттенсе, ал каражаттар колдонулганына же колдонулбаганына карабастан, МАКтын мүчөлөрү бүтүрүүчүнүн сынакта алган баасын төмөндөтүшөт.

Эгерде жогоруда көрсөтүлгөн тартип бузуулардан башка кандайдыр бир мыйзамсыз иш аракеттер аныкталса, анда бүтүрүүчүдөн түшүнүк кат алынат жана ал жагдайга укуктук баа берилгенге чейин, бүтүрүүчү ЖМАны тапшырбайт.

Эгерде видеобайланыш үзгүлтүккө учураса, анын себеби аныкталганга чейин бүтүрүүчүнүн мамлекеттик сынакка катышуусу токтотулуп турат. Эгер бүтүрүүчү тийиштүү талаптарды аткарбагандыктан видеобайланыш үзүлгөн болсо, анда ал мамлекеттик сынакка катышуу укугунан ажырайт, жана мамлекеттик сынакты бир жылдан кийин тапшыруу укугуна ээ болот.

Эгерде видеобайланыш бүтүрүүчүгө көз каранды эмес себептен үзүлсө (форс-мажор жайгдайы), анда бүтүрүүчү сынакты башка мезгилде тапшыруу укугуна ээ. Ал тууралуу кошумча маалымат бүтүрүүчүгө МАКтын мүчөлөрү аркылуу жеткирилет.